«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУнун ректору
Абдраева А.Т.
_____________
«_29_» _06_ 2024-ж.

**Ишеналы Арабаев атындагы КМУда 2024-2025-окуу жылында келишимдик негизде (акы төлөө) 550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – "Дизайн багыттары боюнча тапшыруучу абитуриенттерди баалоо критерийлери жөнүндө**

**ЖОБО**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 07-февраль 191/1 "Абитурениттерди окууга кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары керек болбогон даярдоо багыттары менен адистиктери жөнүндөгү" буйругунун негизинде, "2024-2025-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУга кабыл алуунун эрежелерине", "И.Арабаев атындагы КМУга 2024-2025-окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө жобого" ылайык, 2024-2025-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУнун 550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – "Дизайн" адистиктерине тапшырууда абитуриенттерден жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы талап кылынбайт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби жөнүндө" токтомуна (8-глава, 100-пункт) ылайык, "Абитуриентке сынакка катышууга укук берген минималдуу босого упайы ЖОЖ тарабынан алдын ала белгиленет жана билим деңгээлин аныктоодо эң жогорку упайдын 40%дан кем болбошу керек".

И. Арабаев атындагы КМУнун 1-курсуна тапшыруучу абитуриенттердин билим деңгээлин аныктоодо төмөнкү баалоо критерийлери кабыл алынган:

550600 – "Көркөм билим берүү", 570400 – «Дизайн» багыттарына тапшыруучу абитуриенттер профилдик экзаменди – көрүү же угуу – тапшырышат.

Ченем, угуу же көрүү "2", "3", "4", "5" баалоо системасы менен бааланат. Минималдуу өтүү упайы 40 (кырк). Максималдуу упай 100 (жүз).

**Баалоо шкаласы:**
0-39 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет.
40-59 упай – өттү деп эсептелет.
60-79 упай – өттү деп эсептелет.
80-100 упай – өттү деп эсептелет.

Минималдуу балл топтой албаган абитуриент сынакка катыша албайт.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**Кабыл алуу комиссиясынын**
**жооптуу катчысы** **Ачекеев К. С.**